**2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

2025-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 25.03.2025-жылдагы №06–1/149, 16.06.2025-ж. №06-1/325, 13.08.2025-ж. №06-1/501 жана 28.08.2025-ж. №06-1/535 буйруктарына ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун ишине шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коому (мындан ары – КНГ, Коом) эсептелет.

*Аудит жүргүзүлгөн мезгил үчүн кредиттерди бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөнкүлөр саналат:*

- биринчи кол коюу укугу менен, “КНГ” ААКсынын башкармалыгынын төрагасы Нишанов Н.Н.;
- экинчи кол коюу укугу менен, “КНГ” ААКсынын башкармалыгынын башкы бухгалтери Баратова А.А.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

КНГнын жалпы милдеттерине мыйзамдуу орган тарабынан өкүлдөлгөн ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жана Коомдун каражаттарын тескөө, ошондой эле ушул аудиттин предметине карата жооптуу болуу кирет.

Жүргүзүлгөн аудитке карата КНГнын жетекчилиги бардык суралган маалыматтардын даярдалышына жана туура берилишине, финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭСке) туура келишине, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын сакталышына жана Коомдун натыйжалуу иштеши үчүн зарыл болгон деп жетекчилик эсептеген ички контролдоо тутумуна жооп берет.

**Аудиттин милдети**

Аудиттин милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде КНГнын ишинин критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун жана аудит тобунун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда белгиленген убакыт аралыгында аудиттин көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар төмөнкүлөр болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча берилген сунуштаманын аткарылышын талдоо;

- ченемдик укуктук актыларды, локалдык актыларды жана аудитке жеткиликтүү болгон башка отчетторду изилдөөнүн натыйжалары боюнча аудиттин багыттарын аныктоо;

- КНГнын бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын, ошондой эле техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрүн талдоо. Директорлор кеңешине жана ревизиялык коммиссияга бекитилген чыгымдардын сметасынын аткарылышы;

- 2023-2024-жылдарга киреше булактарынын түшүүлөрүнө жана чыгымдарына талдоо жүргүзүү;

- жылдын жыйынтыгы боюнча аныкталган дивиденддердин төлөнүшү;

- касса жана банк аркылуу жүргүзүлгөн чыгымдарга талдоо жүргүзүү;

- орчундуу чыгымдарга – өндүрүштүк, административдик жана операциялык эмес чыгымдарга талдоо жүргүзүү;

- мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө ченемдик документтердин сакталышы;

- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушунун аныктыгы;

- негизги жана материалдык запастарга талдоо жүргүзүү.

**Аудиттин критерийлери:**

- “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун Уставы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылды 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобо;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому жана анын талаптарына ылайык иштелип чыгып, акционердик коомдун Директорлор кеңеши тарабынан бекитилген сатып алууларды уюштуруу жана өткөрүү тартибинин сакталышы;
- Коомдун эсеп саясаты;
- Коомдун ички жоболору, буйруктары, нускамалары жана Коомдун иш процессин жөнгө салуучу ченемдик документтер.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56

токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сактоосун, ошондой эле КНГнын ишинин бардык олуттуу аспекттеринде тиешелүү мыйзамдарга жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай аудитти пландаштырууну жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган ишти кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин алкагында кесипкөй пикирди колдондук жана аудиттин бүтүндөй мезгил аралыгында кесиптик скептицизм сакталды. Мындан сырткары, төмөндөгүлөр аткарылды:

- аудитордук пикирди билдирүү үчүн негиз болгон, жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу үчүн аудитордук жол-жоболор жүргүзүлдү;
- тиешелүү жагдайларга жараша аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, аудит үчүн мааниси бар ички контролдоо тутуму изилденди;
- коомдун ишинин ар кандай чөйрөсүндө колдонулган ченемдик документтердин укуктук ченемдик актыларга шайкештиги каралды;
- коом өзүнүн ишин туруктуу улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу күмөн санoo пайда болушу мүмкүн болгон окуяларга жана шарттарга байланыштуу олуттуу ачык эместиктин болгондугу же жоктугу жөнүндө алынган аудитордук далилдердин-корутундулардын негизинде корутунду жасайбыз.

Аудит мезгили аралыгына карата Коомдун ишине аудит жүргүзүү үчүн маанилүү болгон негизги маселелерге коомдун бюджетинин аткарылышы боюнча отчеттун алкагында талдоо жүргүзүлдү.

Аталган аудиттин алкагында ишкана боюнча аныкталган олуттуулукка ылайык, КНГнын түзүмүнө кирген Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы, Кыргыз бургулоо иштеринин башкармалыгы, Технологиялык транспорттор башкармалыгы, Суу менен камсыздоо участогу, Газ сатуу участогу жана "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКсы аудит менен камтылды.

**Аудит субъектиси боюнча кыскача мүнөздөмө**

"Кыргызнефтегаз" ААКсы 1996-жылы мурунку "Кыргызнефть" өндүрүштүк бирикмесинин базасында түзүлгөн, Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Кочкор-Ата шаарында катталган.

Уставына ылайык, Коомдун негизги ишинин түрлөрү болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- нефть жана газды өндүрүү;
- нефтепродуктыларды камтуу менен, нефтини иштеп чыгуу жана аны сатуу;
- геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү;
- нефть, газ жана башка жер казыналарын иштетүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, нефтини жана газды өндүрүү боюнча тышкы экономикалык өз алдынча ишти жүргүзүү.

31.12.2024-жылга карата Коомдун акционерлеринин реестринде 24202862 жөнөкөй акциялар номиналдык баада 1 040 582,0 миң сом суммасында (анын

ичинде: сатып алынган 129874 акциялар номиналдык баада 5 583,8 миң сом суммасында) катталган, алар төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

- *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине - 85,17 % (20 854 948 акциялар) 896 641,2 миң сом суммасында;*

- *Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна - 3,92 % (948 795 акциялар) 40 792,6 миң сом суммасында;*

- *башка юридикалык жактарга - 1,18 % (285147 акциялар) 12 259,6 миң сом суммасында (анын ичинде: сатып алынган 129874 акциялар номиналдык баада 5583,8 миң сом суммасында);*

- *жеке жактарга – 8,73 % (2113972 акциялар) 90888,5 миң сом суммасында.*

2024-жылдын 31-декабрына карата Коомдун туунду жана биргелешкен ишканаларынын уставдык капиталындагы каражаттарынын жалпы суммасы 5527,0 миң сомду, үлүшү төмөндөгү өлчөмдү түзгөн:

(миң сом)

| № | Уюмдун аталышы | УКдагы үлүштүн өлчөмү (%) | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКы | 100,0 | 100,0 |
| 2 | “Ока-Керамика” ЖЧКсы | 26,28 | 4 742,0 |
| 3 | “КНГ Гидрокарбонс” ЖАКы | 28,0 | 672,0 |
| 4 | “Южный Деррик” ЖЧКсы | 30,0 | 3,0 |
| 5 | “Юни Мед Вотерс” ЖАКы | 10,0 | 10,0 |
| | **Бардыгы** | | **5527,0** |

“Кыргызнефтегаз” ААКсы 2012-жылы “Петро Кыргызстан ЛТД” команиясынын 50% акциясын сатып алгандан кийин “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсынын 100% акциясына ээлик кылып, жалгыз акционери болуп калган.

“Кыргыз Петролеум Компани” Жабык акционердик коому нефть продуктыларын кайра иштетүүчү ишкана, долбоордук кубаттуулугу жылына 500,0 миң тонна, чийки нефтини иштетүү боюнча 12.12.2002-жылы катталган серия II-ГАЭ №000030 лицензиясы (мөөнөтсүз жана ажыратылгыс) бар.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын түзүмүнө төмөндөгү бүтпөгөн баланстары менен башкармалыктар жана бөлүктөр кирет: Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы (НГӨБ), Кыргыз бургулоо иштеринин башкармалыгы (КБИБ), Технологиялык транспорттор башкармалыгы (ТТБ), Суу менен камсыздоо участогу (СКУ), Газ сатуу участогу (ГСУ), “Кыргызнефть” ААКсынын Бишкек шаарындагы өкүлчүлүгү, Сүт-азыктар цехи.

Кыргыз Республикасынын “Лицензиялоо жөнүндөгү” мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Геология жана жер казынасын пайдалануу департаменти тарабынан ишмердиктин түрлөрүнө лицензиялар берилген.

2025-жылдын 1-январына карата жалпы Коомдун кызматчыларынын жана жумушчуларынын саны 2783 адамды, 2024-жылы эмгек акыга чыгымы 1980,7 млн.сомду түзгөн.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин**

**жыйынтыктары боюнча сунуштаманын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку 2022-жылга карата жүргүзүлгөн аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген сунуштама толугу менен аткарылган.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары менен, КНГнын иши төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлери) шайкеш келери аныкталды.

**2023-2024-жылдарга карата КНГнын бюджетинин жана негизги өндүрүш көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы**

*Негизги өндүрүш көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы.*

**1. Аныкталды.**

2024-жылга карата КНГ тарабынан 180 000,0 тонна мунай өндүрүү пландалган, иш жүзүндө 177 020,2 тонна өндүрүлүп, өндүрүш планы 98,3%га аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу (184000,2 тонна) мунай өндүрүү 6980,0 тоннага же 3,8% кыскарган.

**1.1. Жыйынтык.** 2024-жылы мунай өндүрүү планынан 2979,8 тоннага (1,7%) четтөөнүн, 2023-жылга салыштырмалуу мунай өндүрүү 6980,0 тоннага (3,8%) кыскаруусунун негизги себептери: чет элдик инвестициялык компаниялардан (ЧИК) алынуучу мунай үлүшүнүн 2023-жылга салыштырмалуу 6717,2 тоннага азаюусуна жана Майли-Су-IV Чыгыш Избаскент кендеринде пласттык басымдын төмөндөөсүнө байланыштуу түзүлгөн.

**1.1.1. Сунуштама.**

Мунай өндүрүү планын аткаруу максатында чет элдик инвестициялык компаниялар менен натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**2. Аныкталды.**

2024-жылга жаратылыш газын өндүрүү 25 000,0 миң куб метр пландалган болсо, иш жүзүндө 28214,0 миң куб метр өндүрүлүп, өндүрүш планы 112,9%га же 3214,0 миң куб метрге ашыкча аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу жаратылыш газы 853,0 миң куб метрге ашыкча өндүрүлүп, өсүү темпи 103,1% түзгөн.

КНГнын 2024-жылга бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүн аткарылышы жана 2023-жылга салыштырмалуу өсүү темпи төмөндөгү жадыбалда көрсөтүлгөн.

миң сом

| Көрсөткүчтөр | Факт 2023 | План 2024 | Факт 2024 | Пландын аткарылышы | | Өсүү темпи | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Сумма | % | Сумма | % |
| Киреше | 5 720 427,0 | 6 052 248,8 | 5 632 612,4 | (419 636,4) | 93% | (87 814,6) | 98% |
| Өздүк баасы | (2 101 695,3) | (2 535 172,6) | (2 034 198,1) | 500 974,5 | 80% | 67 497,2 | 97% |
| **Дүн пайда** | **3 618 731,7** | **3 517 076,2** | **3 598 414,3** | **81 338,1** | **102%** | **(20 317,4)** | **99%** |
| Башка операциялык кирешелер | 259 832,6 | 218 737,6 | 243 062,0 | 24 324,4 | 111% | (16 770,6) | 94% |
| Башка операциялык чыгашалар | (141 222,7) | (126 503,0) | (142 496,8) | (15 993,8) | 113% | (1 274,1) | 101% |
| Сатуу боюнча чыгашалар | (124 472,8) | (133 793,3) | (106 728,0) | 27 065,3 | 80% | 17 744,8 | 86% |
| Жалпы административдик чыгашалар | (544 743,4) | (626 458,6) | (562 910,1) | 63 548,5 | 90% | (18 166,7) | 103% |
| Башка операциялык эмес кирешелер | 414 134,9 | 46 700,0 | 310 766,5 | 264 066,5 | 665% | (103 368,4) | 75% |
| Башка операциялык эмес чыгашалар | (562 538,1) | (671 627,8) | (642 573,0) | 29 054,8 | 96% | (80 034,9) | 114% |
| **Салыкка чейинки пайда/зыян** | **2 919 722,2** | **2 224 131,1** | **2 697 534,9** | **473 403,8** | **121%** | **(222 187,3)** | **92%** |
| Пайдадан төлөнүүчү салык | (298 411,6) | (222 413,1) | (77 311,5) | 145 101,6 | 35% | 221 100,1 | 26% |
| **Таза пайда/зыян** | **2 621 310,6** | **2 001 718,0** | **2 620 223,4** | **618 505,4** | **131%** | **(1 087,2)** | **100%** |
| *Кирешелер* | *6 394 394,5* | *6 317 686,4* | *6 186 440,9* | *(131 245,5)* | *98%* | *(207 953,6)* | *97%* |
| *Чыгашалар* | *(3 474 672,3)* | *(4 093 555,3)* | *(3 488 906,0)* | *604 649,3* | *85%* | *(14 233,7)* | *100%* |
| **Салыкка чейинки пайда/зыян** | **2 919 722,2** | **2 224 131,1** | **2 697 534,9** | **473 403,8** | **121%** | **(222 187,3)** | **92%** |

2024-жылга КНГнын бюджетинде жалпы 6 317 686,4 миң сом суммасындагы кирешелердин түшүүсү пландалган, иш жүзүндө 6 186 440,9 миң сом суммасында киреше алынган, же план 98% аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу (6 394 394,5 миң сом) кирешелердин түшүүсү 192 953,6 миң сомго кыскарып, өсүү темпи 97% түзгөн.

**2.1. Жыйынтык.** КНГнын негизги киреше булагын мунай өнүмдөрүн сатуудан түшкөн каражаттар түзөт, 2023-жылы жалпы кирешенин 67,1% түзсө, 2024-жылы 52,6% түзүп, анын үлүшү 14,5% чейин кыскарган. Мунай өнүмдөрүн сатуу көлөмүнүн азайышынын негизги себеби – мунай өнүмдөрүнө, анын ичинде А-80 бензинине суроо-талаптын жоктугу, бул өз кезегинде чийки мунай сатуу көлөмүнүн өсүшүнө алып келген.

**2.1.1. Сунуштама.**

Мунай өнүмдөрүн сатуу көлөмүн жогорулатуу максатында, мунай өнүмдөрүн, анын ичинде А-80 бензинин сатуу рыногун Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары дагы аймактардан табуу иш-аракеттери жүргүзүү каралсын.

**3. Аныкталды.**

2024-жылга КНГнын бюджети чыгымдар боюнча 4 093 555,3 миң сом суммасында каралып, факт жүзүндө 3 488 906,0 миң сомго же 85% аткарылган. Жалпы бюджетте каралган чыгымдарды үнөмдөө 604 649,3 миң сомду түзгөн.

2024-жылы жалпы чыгымдардын структурасында 58,3% өндүрүштүк чыгымдарга, 16,1% административдик чыгымдарга, 18,4% операциялык эмес чыгымдарга, 4,1% башка операциялык чыгымдарга, 3,1% сатуу боюнча чыгымдарга туура келген.

2023-жылы жалпы чыгымдар 3 474 672,3 миң сомду түзүп, анын структурасында 60% өндүрүштүк чыгымдарга, 16% административдик чыгымдарга, 16% операциялык эмес чыгымдарга, 4% башка операциялык чыгымдарга, 4% сатуу боюнча чыгымдарга туура келген.

**3.1. Жыйынтык.** 2024-жылы 2023-жылга салыштырмалуу жалпы чыгымдардын структурасында операциялык эмес чыгымдар 2,4% өскөндүгүн белгилөөгө болот. 2024-жылы операциялык эмес чыгымдар 642 573,0 миң сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу жалпысынан алганда 80 034,9 миң сомго же 14,0% социалдык иш-чараларга кошумча каражаттарды бөлүүнүн эсебинен өскөн.

Ошондой эле, 2023-2024-жылдарга операциялык эмес чыгымдар бөлүгү боюнча бекитилген бюджеттеринде каралбаган чыгымдар жана айрым багыттар боюнча бюджеттен ашык чыгымдар жалпы **82 961,1 миң сомго** башка багыттар боюнча түзүлгөн үнөмдөөнүн эсебинен жүргүзүлгөн.

**3.1.1. Сунуштама.** Коомдун үзгүлтүксүз натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылуу максатында, өндүрүштүн иши менен байланышпаган социалдык иш-чараларга чыгымдарды кыскартуу, бюджетте каралбаган чыгымдарды болтурбоо камсыздалсын.

**4. Аныкталды/жыйынтык.**

КНГ 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 620 223,4 миң сом суммасында таза пайда тапкан, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 618 505,4 миң сомго (31%) өскөн, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 1 087,2 миң сомго кыскарган.

***"Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКсынын*** (КПК ЖАКсы) 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча таза пайдасы 305 497,1 миң сомду түзүп, 2023-жылдын жыйынтыгына (285 118,4 миң сом) салыштырмалуу 20 378,7 миң сомго (7 %) өскөн.

КПКнын бюджетинде каралган чыгымдардын структурасы жана курамы айрым бөлүгүндө ишкананын эсеп саясатында каралган жалпы киреше жөнүндө отчетунда классификацияланган чыгымдардын структурасына дал келбестигин белгилөөгө болот.

2023 - 2024-жылдарга жалпы киреше жөнүндө отчетунда өндүрүштүк жана административдик болуп бөлүнүп көрсөтүлгөн тиешелүүлүгү боюнча 32 472,2 миң сом жана 41 732,9 миң сом суммасында эсептелген амортизациялык чыгымдар бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттордо чыгымдардын өндүрүштүк жана административдик бөлүктөрү боюнча көрсөтүлбөстөн, жалпы чыгымдардан кийин көрсөтүлгөн.

**4.1. Сунуштама.**

Коомдун жылдык бюджетинин аткарылышы боюнча отчетун даярдоодо ишкананын эсеп саясатында каралган жалпы киреше жөнүндө отчетунда классификацияланган чыгымдардын структурасын сактоо сунушталат.

**Капиталдык салымдар боюнча Коомдун бюджетинин аткарылышы боюнча**

2024-жылы капиталдык салымдарга жалпы жолунан коомдун бюджетинде 2 545 762,4 миң сом каралган, 2 285 867,3 миң сомго каржыланган, анын ичинен: скважиналарды эксплуатациялык жана геологиялык чалгындык бургулоо иштерине – 1 224 104,0 миң сомго (жалпы каражаттан 54%), жаңы техника, жабдыктарды сатып алууга – 562 890,6 миң сомго (25%), ГРПга – 253 310,0 миң сомго (11%), капиталдык курулуш жана капиталдык оңдоо иштерине – 212 682,6

миң сомго (9%). 2023-жылга салыштырмалуу капиталдык салымдарга чыгымдар 57 763,9 миң сомго кыскарган. *Маалымат отчеттун №1 тиркемесинде.*

**5. Аныкталды/жыйынтык.**

КБИБ тарабынан 2023-жылы эксплуатациялык бургулоо иштерине жалпы 1 025 510,4 миң сом чыгымдалган, жалпы чыгымдын 6,7% геофизикалык изилдөө жана перфорациялык атуу иштери боюнча чыгымдар түзгөн.

Ал эми, 2024-жылы эксплуатациялык бургулоо иштерине жалпы 1 055 841,4 миң сом чыгымдалган, жалпы чыгымдын 5,6% геофизикалык изилдөө жана перфорациялык атуу иштери боюнча чыгымдар түзгөн.

31.12.2024-жылга карата КБИБ тарабынан “Междуреченск” аянтынан №1 скважинасын 3000 метр тереңдикке чейин чалгындоо бургулоо иштерине жалпы 259 923,3 миң сом чыгымдалып, жыйынтыгында нефтинин жана газдын запасы аныкталган эмес.

Ошондой эле, 01.01.2025-жылга карата бүтпөгөн курулуш эсебинде турган “Майли-Суу IV” аянтынан эксплуатациялык бургулоодогу 2 скважинага (№562, 1037) жалпы 115 191,0 миң сом чыгымдалгандан кийин эксплуатациялык бургулоо иштери токтотулуп, консервацияга чыгарылган.

**5.1. Сунуштама**.

Скважиналарды чалгындоо жана эксплуатациялык бургулоо иштерине натыйжасыз чыгымдарды болтурбоо максатында, нефть жана газ запастарынын болушу боюнча ар тараптуу изилдөөлөрдүн, чыгымдарга талдоо жүргүзүүнүн, анын ичинде аткарылган жалпы комплекстүү геофизикалык жумуштарды пайдалануунун зарылдыгын кароонун жыйынтыгы боюнча эксплуатациялык жана чалгындоо бургулоо иштерин жүргүзүү каралсын.

**6. Аныкталды.**

Капиталдык курулуш иштери 2023-жылы - 127375,5 миң сомго, 2024-жылы – 166871,7 миң сомго аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу 39496,2 миң сомго же 31% өскөн.

Капиталдык оңдоо иштери 2023-жылы - 27849,2 миң сомго, 2024-жылы – 45810,9 миң сомго аткарылып, өткөн жылга салыштырмалуу - 17961,7 миң сомго же 64,5% өскөн.

Капиталдык курулуш жана оңдоо иштеринин негизги бөлүгү жана учурдагы ремонт иштери КНГнын Курулуш-монтаждоо участогу тарабынан, калган жумуштары подрядчиктер менен түзүлгөн келишимдер боюнча аткарылган.

КНГнын 18.07.2016-жылы курулуш-монтаждоо иштерине алынган колдонуу мөөнөтү чектелбеген серия КРЖ-2 №06994 лицензиясы бар.

Курулуш-монтаждоо участогу тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылы капиталдык курулуш иштери - 72560,2 миң сомго, капиталдык оңдоо иштери – 13459,3 миң сомго, учурдагы ремонт иштери – 20231,0 миң сомго, жалпы 106250,5 миң сомго аткарылган. 2024-жылы капиталдык курулуш иштери – 106780,5 миң сомго, капиталдык оңдоо иштери – 15764,2 миң сомго, учурдагы ремонт иштери – 14168,4 миң сомго, жалпы 136713,2 миң сомго аткарылган.

*Курулуш-куроо боюнча мамлекеттик инспекторлордун жетишсиздигинен жана аудитке катышпагандыгына байланыштуу, аудит убактысында 2023-*

*2024-жылдары аткарылган капиталдык курулуш жана оңдоо иштеринин көлөмү, иштердин баасынын тууралыгы жана курулуш иштерине өткөрүлгөн сынактардын тууралыгы боюнча аудит жүргүзүлгөн жок.*

**6.1. Жыйынтык.** Курулуш-монтаждоо участогу тарабынан берилген маалыматтарда капиталдык курулуш жана оңдоо иштери боюнча аткарылган жумуштардын сметалык баалары көрсөтүлгөн эмес.

**6.1.1. Сунуштама.** Курулуш-монтаждоо участогу тарабынан капиталдык курулуш жана оңдоо иштерин белгиленген тартипте жасалган сметалык документтер боюнча аткаруу камсыздалсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын эсеби жана абалы боюнча**

**7. Аныкталды.**

31.12.2024-жылына карата Коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган кыска мөөнөттүү дебитордук карыздардын жалпы суммасы 488 755,0 миң сомду түзүп, 31.12.2023-жылына салыштырмалуу 27 546,0 миң сомго кыскарган.

31.12.2024-жылына карата эң чоң өлчөмдөгү дебитордук карыздар мунай өнүмдөрүн сатуудан (1411) – 272 605,2 миң сомго (мазуттан – 122382,2 миң сомго, күйүүчү-майлоочу майлардан – 150 223,0 миң сомго), газ сатуудан (1413) – 79 987,6 миң сомго, электр энергиясын сатуудан – 6989,7 миң сомго, ар кандай кызмат көрсөтүүдөн (1429) – 16 265,0 миң сомго, ар кандай кызмат алуу үчүн аванс төлөмдөрү боюнча (1810) – 28522,8 миң сомго, “Разрез “Ак-Улак” ААКсынан көмүр сатып алууга аванс төлөмү боюнча – 18 184,9 миң сомго (2013-жылы сот тарабынан 39675 тонна көмүр өндүрүү чечими чыккан, учурда ишканада банкрот процесси жүрүүдө) түзүлгөн. Төлөө мөөнөттөрү өткөн дебитордук карыздарга туумдар эсептелген жана төлөөдөн баш тарткан дебиторлор боюнча соттук териштирүү иштери жүргүзүлүүдө.

**7.1. Жыйынтык.** “Майлуу-Суу электролампа заводу” ААКсы тарабынан сатып алынган жаратылыш газы боюнча 01.01.2025-жылга карата түзүлгөн 69 110,7 миң суммасындагы дебитордук карызга 12 183,8 миң сомго туумдар эсептелип, салыштыруу актылары боюнча сатып алуучу тарабынан кабыл алынган (13.05.2025-жылы Жалал-Абад облусунун Майлуу-Суу шаардык сотунун 12 183,8 миң сомго эсептелген туумдар КНГнын пайдасына өндүрүү тууралуу чечими чыккан). Бирок, салыштыруу актылары боюнча кабыл алынган **12 183,8 миң сомго** эсептелген туумдарды КНГ аудит учурунда дебитордук карыз эсебине жана кирешесине албаганы аныкталды.

**7.1.1. Сунуштама.** “Майлуу-Суу электролампа заводу” ААКсы тарабынан салыштыруу актылары боюнча кабыл алынган 12 183,8 миң сом суммасындагы туумдарды ишкананын дебитордук карыз эсебине жана кирешесине алуу жүргүзүлсүн.

**8. Аныкталды/жыйынтык.**

31.12.2024-жылына карата коомдун бухгалтердик эсептеринде катталган кыска мөөнөттүү кредитордук карыздардын жалпы суммасы 481 450,9 миң сомду түзгөн. 31.12.2023-жылына салыштырмалуу 20 528,3 миң сомго кыскарган.

01.01.2025-жылга карата жарандык мыйзамдарда белгиленген доонун эскирүү мөөнөтү бүткөн конкурстук сунуштун жана келишимдин аткарылышын кепилдик камсыз кылуу үчүн төлөнгөн 3 жылдан ашык талап кылынбаган жана коомдун кирешесине алынбаган **271,3 миң сом** суммасындагы кредитордук карыздар түздү.

***КПК ЖАКсынын*** 31.12.2024-жылга карата бухгалтердик эсебинде "Транзит Ойл" ЖЧКсынан 2016-жылдан бери 16073,1 миң сом суммасында чийки мунайды кайра иштетүү үчүн түшпөй калган дебитордук карызы турат. 2023-жылдын 14-августундагы КПКнын "Транзит Ойл" ЖЧКсынан 16073,1 миң сом суммасындагы карызды Соода-өнөр жай палатасынын алдындагы Эл аралык Бейтарап сотуна кайрылуусу толугу менен канаатандырылган, учурда акча каражаты түшө элек.

**8.1. Сунуштама:**

- 01.01.2025-жылга карата жарандык мыйзамдарда белгиленген доонун эскирүү мөөнөтү бүткөн конкурстук сунуштун жана келишимдин аткарылышын кепилдик камсыз кылуу үчүн төлөнгөн 3 жылдан ашык талап кылынбаган 271,3 миң сом суммасындагы кредитордук карыздарды коомдун кирешесине алуу каралсын.
- КПК ЖАКсы боюнча "Транзит Ойл" ЖЧКсынын 2016-жылдан бери өндүрүлбөй жаткан 16073,1 миң сом суммасында дебитордук карызын өндүрүү иш-аракеттери жүргүзүлсүн.

**Негизги каражаттардын жана товардык запастардын эсеби жана абалы боюнча**

**9. Аныкталды/жыйынтык.**

2024-жылдын 31-декабрына карата негизги каражаттардын КНГнын бухгалтердик эсебиндеги калдыгы 12 806 438,0 миң сомду түзүп, 2023-жылдын 31-декабрына салыштырмалуу 5 075 207,0 миң сомго материалдык-техникалык базаны чыңдоого сатылып алынган негизги каражаттардын эсебинен жана негизги каражаттарды кайра баалоонун эсебинен өскөн.

КНГнын товардык-материалдык запастардын калдыгы 2024-жылдын 31-декабрына карата 2 587 003,0 миң сомду түзүп, 2023-жылдын 31-декабрына салыштырмалуу 237 810,0 миң сомго өскөн.

***КПК ЖАКсынын*** товардык-материалдык запастардын калдыгы 2024-жылдын 31-декабрына карата 195192,7 миң сомду түзүп, 2023-жылдын 31-декабрына салыштырмалуу 114059,3 миң сомго өскөн. Товардык-материалдык запастардын 136443,2 миң сомун же 70% АИ-80 бензинин чыгарууга колдонулуучу кошулмалар (присадка) түзөт. АИ-80 бензинин алуучу кардарлардын кескин кыскаргандыгынан, аны өндүрүү үчүн колдонулуучу кошулмалар (присадка) иштетилбестен калган.

**9.1. Сунуштама.** Товардык-материалдык запастардын ири өлчөмдө калдыктарын болтурбоо багытында иш-аракеттерди жүргүзүү каралсын.

**Мамлекеттик сатып алуулардын жол жоболорунун сакталышы боюнча**

“Кыргызнефтегаз” ААКсы мамлекеттик сатып алууларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун негизинде иштелип чыккан КНГнын Директорлор кеңешининин 2022-жылдын 12-июлундагы № 4 чечими менен бекитилген “Товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алуу жөнүндө” Жобону (директорлор кеңешинин 19.01.2023-ж. №9, 10.10.2023-ж. №5, 27.06.2024-ж. №3 протоколдору менен кабыл алынган чечимдеринин редакциясында) колдонуу менен бирдиктүү электрондук сатып алуулар мамлекеттик маалымат порталында (zakupki.okmot.kg) жүргүзгөн.

**10. Аныкталды.** 2023-жылга сатып алуулар планы 4 162 256,9 миң сом суммасында бекитилген, электрондук сатып алуулар мамлекеттик маалымат порталы аркылуу 2 784 090,8 миң сомго пландалган суммасында өткөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча уткан катышуучулар менен 2 458 967,5 миң сомго келишимдер түзүлгөн, жыйынтыгында сатып алууларга пландалган сумманы үнөмдөө 325 123,3 миң сомду түзгөн.

2024-жылга сатып алуулар планы 3 042 929,8 миң сом суммасында бекитилген, электрондук сатып алуулар мамлекеттик маалымат порталы аркылуу 2 312 573,4 миң сомго пландалган суммасында өткөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча уткан катышуучулар менен 2 044 567,5 миң сомго келишимдер түзүлгөн, жыйынтыгында сатып алууларга пландалган сумманын үнөмдөө 268 005,9 миң сомду түзгөн.

**10.1. Жыйынтык.** 2023-2024-жылдары бирдиктүү электрондук сатып алуулар мамлекеттик маалымат порталы аркылуу өткөрүлгөн сатып алууларга иргеп алуу жолу менен талдоо жүргүзүүдө, айрым сатып алуулар ири өлчөмдө (100,0 млн.сомдон ары) лотторго бөлүнбөстөн түзүлгөндүктөн жана төлөө мөөнөттөрү товар кабыл алынгандан кийин 90 күндүн ичинде каралгандыктан, жарыяланган конкурсттарда атаандаштык түзүлбөй, көпчүлүк учурда 1-2 катышуучунун катышуусу менен чектелген.

**10.1.1. Сунуштама.** Сатып алуулар конкурстарына көп катышуучуларды тартып реалдуу атаандаштыкты жаратуу максатында, ири өлчөмдөгү сатып алууларды лотторго бөлүп өткөрүү жана төлөө мөөнөттөрүн кыскартуу сунушталат.

**11. Аныкталды.**

***КПК ЖАКсында*** 2023-2024-жылдары бирдиктүү электрондук сатып алуулар мамлекеттик маалымат порталы аркылуу өткөрүлгөн сатып алууларга иргеп алуу жолу менен талдоо жүргүзүүдө, сатып алуулар боюнча сатып алуу комиссиясы тарабынан түзүлгөн айрым протоколдордо конкурстан квалификациялык талаптарга жооп бербегендиги боюнча четтетилген катышуучулардын так себептери келтирилген эмес.

**11.1. Сунуштама.** Мындан ары, сатып алуулар боюнча сатып алуу комиссиясы тарабынан түзүлгөн протоколдордо конкурстан квалификациялык талаптарга жооп бербегендиги боюнча четтетилген катышуучулардын так себептерин көрсөтүү сунушталат.

**Рекультивациялык төлөмдөрдүн эсеби жана абалы боюнча**

Жер казынасын пайдалануу процессинде бузулган жер участогун рекультивациялоо боюнча иштерди жүргүзүүнүн тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 517 токтому менен бекитилген “Жер казынасын пайдалануу процессинде бузулган жерлерди рекультивациялоо жөнүндө” жобосуна ылайык аныктала тургандыгы, анын 19 жана 20-пункттарында:

-рекультивациялоо фондун түзүү жер казынасын геологиялык изилдөө жана иштетүү боюнча иштер башталган мезгилден тартып жер казынасын пайдалануучу тарабынан жүргүзүлгөн ар айлык чегерүүлөрдүн эсебинен жүргүзүлө тургандыгы;

-экспертизадан өткөн, рекультивациялоонун техникалык долбоору тарабынан аныкталган рекультивациялык жана жоюу иштеринин жалпы наркы ар айлык чегерүүлөрдү эсептөө үчүн база болуп санала тургандыгы;

-*рекультивациялык иштердин жалпы наркы* техникалык долбоордо рекультивация жүргүзүү үчүн чыгымдардын сметасынын эсеби түрүндө көрсөтүлө тургандыгы;

-жер казынасын пайдалануучу рекультивациялоонун техникалык долбоору бекитилгенден кийин *ар үч жыл сайын* рекультивациялоонун техникалык долбоору менен аныкталган *рекультивациялык иштердин жалпы наркын кайра эсептеп чыгары жана рекультивациялоо фондуна чегерүүлөрдүн өлчөмүн тууралай тургандыгы* көрсөтүлгөн.

**11. Аныкталды.** “Кыргызнефтегаз” ААКсынын 01.01.2025-жылга карата берген маалыматы боюнча, нефть жана газ жер казыналарын геологиялык изилдөөдө жана иштетүүдө бузулган жерлерди рекультивациялоонун техникалык долбоорлоруна ылайык, лицензиялык жер казыналары иштетилип бүткөнгө чейин бузулган жерлерди рекультивациялоо үчүн атайын ачылган банк эсептерине чегерилүүчү жалпы акча каражатынын суммасы (*рекультивациялык иштердин жалпы наркы)* 221 820,6 миң сомду, бекитилген график боюнча рекультивациялык банк эсептерине чегерилүүчү сумма – 99 607,2 миң сомду, рекультивациялык банк эсептерине түшкөн акча каражатынын суммасы – 105 649,2 миң сомду түзгөн.

**11.1. Жыйынтык.** 01.01.2025-жылга карата рекультивациялык банк эсептерине бекитилген график боюнча чегерилүүчү суммадан жалпы эсепте 6042,0 миң сомго көп которулгандыгын, ошол эле учурда 5 жер казынасы боюнча 12 224,0 миң сомго көп, 7 жер казынасы боюнча 6 182,0 миң сомго аз которулгандыгын белгилөөгө болот.

Ошондой эле, бузулган жерлерди рекультивациялоонун техникалык долбоорлору 2014-2016-жылдары түзүлгөндүгү, ар үч жыл сайын рекультивациялоонун техникалык долбоору менен аныкталган

рекультивациялык иштердин жалпы наркы кайра эсептелип чыгып, анын жыйынтыгы боюнча рекультивациялоо фондуна чегерүүлөрдүн өлчөмүн тууралоо иштери жүргүзүлбөгөндүгүн белгилөөгө болот.

**11.1.1. Сунуштама.**

Рекультивациялоо фондуна чегерүү үчүн ачылган банк эсептерине чегерүүлөрдү ар бир лицензиялык жер казынасынын рекультивациялык добоорлору боюнча түзүлгөн графигине ылайык жүргүзүү, ар үч жыл сайын рекультивациялоонун техникалык долбоору менен аныкталган рекультивациялык иштердин жалпы наркы кайра эсептелип чыгып, анын жыйынтыгы боюнча рекультивациялоо фондуна чегерүүлөрдүн өлчөмүн тууралоо иштери камсыздалсын.

**12. Аныкталды.**

2020-жылы КНГ бузулган жерлердин рекультивациясына резервди эсептөөнүн методикасын иштеп чыгып, ал методика боюнча нефтигаз активин жана анын резервин 101 449,0 миң сом суммасында түзгөн. 01.01.2025-жылга карата нефтигаз активи 159 843,4 миң сом суммасында, бузулган жердин рекультивациясынын резерви 190 982,8 миң сом суммасында түзүлүп, бузулган жердин рекультивациясынын резервин түзүү үчүн операциялык эмес чыгымдарга 89 339,4 миң сом, амортизациялык чыгымдарына – 13 273,0 миң сом, жалпы 102 612,4 миң сом чыгымдар эсептерине алып барылган.

**12.1. Жыйынтык.** 01.01.2025-жылга карата рекультивациялоонун техникалык долбоорлору боюнча аныкталган *рекультивациялык иштердин жалпы наркынан* бузулган жерлердин рекультивациясына резервди эсептөөнүн методикасы боюнча түзүлгөн нефтигаз активи 61 977,2 миң сомго, анын резерви 30 837,8 миң сомго аз түзүлгөн, чыгымдар эсебине операциялык эмес жана амортизациялык чыгымдар катары **3 005,2 миң сомго** көп алып барылган.

**12.1.1. Сунуштама.** Нефтигаз активинин жана анын резервинин баланстык бааларын рекультивациялоонун техникалык долбоорлору боюнча аныкталган рекультивациялык иштердин жалпы наркына ылайык келтирүү жана рекультивациялык иштердин жалпы наркынан тиешелүү амортизациялык чыгымдардын эсептерин жүргүзүү, 01.01.2025-жылга карата чыгымдар эсебине ашыкча алып барылган 3005,2 миң сомду жоюунун эсебинен пайда болгон кошумча кирешеден тиешелүү төлөмдөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

## Инвестициялык салымдар боюнча түшкөн кирешелер

2024-жылдын 31-декабрына карата Коомдун туунду жана биргелешкен ишканаларынын уставдык капиталдарына салынган инвестициялык каражаттарынын жалпы суммасы 5527,0 миң сомду түзүп, төмөндөгү үлүшкө ээлик кылган:

(миң сом)

| № | Уюмдун аталышы | УКдагы үлүштүн өлчөмү (%) | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсы | 100,0 | 100,0 |
| 2 | “Ока-Керамика” ЖЧКсы | 26,28 | 4 742,0 |
| 3 | “КНГ Гидрокарбонс” ЖАКсы | 28,0 | 672,0 |
| 4 | “Южный Деррик” ЖЧКсы | 30,0 | 3,0 |
| 5 | “Юни Мед Вотерс” ЖАКсы | 10,0 | 10,0 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Бардыгы** | | **5527,0** |

*“Кыргызнефтегаз” ААКсы “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсынын 100% акциясына 2012-жылы “Петро Кыргызстан ЛТД” компаниясынан 50% акциясын сатып алгандан баштап жалгыз акционери болуп ээлик кылып келүүдө.*

**13. Аныкталды/жыйынтык.**

“Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсын түзүү боюнча 1996-жылы 7-майда түзүлгөн келишимдин 10.3-пунктунда баштапкы салым инвесторлорго толугу менен КПКнын жалпы чогулушунда аныкталган шартта жана мөөнөттө кайтарыла тургандыгы көрсөтүлгөн.

10.11.2023-жылга карата “КПК” ЖАКсы менен түзүлгөн салыштыруу актысы боюнча 2023-жылдын 1-январына карата баштапкы салымдын кайтарыла элек калдыгы 245 828,5 миң сомду түзгөн, 02.05.2023-жылы 5 828,5 миң сому кайтарылган.

31.12.2024-жылга карата КПК тарабынан баштапкы салымдын кайтарыла элек калдыгы 240 000,0 миң сомду түзгөн, узак мөөнөттүү дебитордук карыздар эсебинде (2700) турат, кайтаруу мөөнөттөрү көрсөтүлгөн эмес.

**13.1. Сунуштама.** 31.12.2024-жылга карата “Кыргыз Петролеум Компани” ЖАКсы тарабынан баштапкы салымдын кайтарыла элек 240 000,0 миң сом суммасында калдыгын кайтаруу мөөнөттөрү тууралуу маселе жалпы акционерлер чогулушунда каралсын.

**14. Аныкталды/жыйынтык.**

01.01.2025-жылга карата “КПК” ЖАКсынын нефтини кайра иштетүүчү заводун реконструкциялоого жана модернизациялоого Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 1 829 956,0 миң сом, “КНГ” ААКсы тарабынан – 904 269,0 миң сом, жалпы – 2 734 225,0 миң сом кайтаруу шарты менен каржыланган. *Бул тууралуу маалымат отчеттун №2 тиркемесинде.*

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча КПКнын таза пайдасы 305 497,1 миң сомду түзүп, 2023-жылдын жыйынтыгына (285 118,4 миң сом) салыштырмалуу 20 378,7 миң сомго же 107 % өскөн. Жылдын жыйынтыктары боюнча таза пайдадан 25% дивиденд төлөө үчүн бөлүштүрүлүп, “КНГ” ААКсынын эсебине 2023-жылы – 74581,5 миң сом (2022-жыл үчүн), 2024-жылы – 71279,6 миң сом (2023-жыл үчүн) суммасында дивиденд келип түшкөн.

Төмөндөгү туунду жана биргелешкен ишканалар тарабынан 2023-2024-жылдардын жыйынтыктары боюнча алынган таза пайдадан “КНГ” ААКсына дивиденд бөлүштүрүлгөн эмес.

**“КНГ Гидрокарбонс” ЖЧКсынын** (КНГнын үлүшү – 28%) “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндө” отчетторунда таза пайда 2023-жылга - 72444,2 миң сом, 2024-жылга – 4593,8 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. “КНГ” ААКсына алынган таза пайдадан 2023-жыл үчүн – 20284,4 миң сом, 2024-жыл үчүн – 1286,3 миң сом бөлүштүрүлгөн эмес. “КНГ Гидрокарбонс” ЖЧКсынын 31.12.2024-жылга карата бухгалтердик баланс отчетунда бөлүштүрүлбөгөн пайда 4524,3 миң сом суммасында көрсөтүлгөн.

**“Ока Керамика” ЖЧКсынын** (КНГнын үлүшү – 26,28%) “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндө” отчетторунда таза пайда 2023-жылга – 111,0 миң сом, 2024-жылга – 454,5 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. “КНГ” ААКсына алынган таза пайдадан 2023-жыл үчүн – 29,2 миң сом, 2024-жыл үчүн – 119,4 миң сом бөлүштүрүлгөн эмес. Аудит учурунда, “КНГ” ААКсынын 27.06.2025-жылдагы кайрылуу каты боюнча “Ока Керамика” ЖЧКсы 2023-жылга - **29,2 миң сом**, 2024-жылга – **119,4 миң сом** которгон.

**“Южный Деррик” ЖЧКсынын** (КНГнын үлүшү – 30%) “Түшкөн пайда жана зыян жөнүндө” отчетторунда 2023-жылга зыян – 16747,8 миң сом суммасында, 2024-жылга таза пайда – 116307,0 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. “КНГ” ААКсына 2024-жыл үчүн алынган таза пайдадан 34892,1 миң сом суммасында үлүш бөлүштүрүлгөн эмес. “Южный Деррик” ЖЧКсынын 31.12.2024-жылга карата бухгалтердик баланс отчетунда жабылбаган зыян 190 719,6 миң сом суммасында көрсөтүлгөн.

**“ЮниМед Вотерс” ЖАКсы** (КНГнын үлүшү – 10%) 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча алынган 676,8 миң сом таза пайдадан дивиденд төлөөгө 25% же 169,2 миң сом бөлгөн, анын ичинен “КНГ” ААКсына тийиштүү **16,9 миң сом** *суммасындагы үлүшү аудиттин жыйынтыгы боюнча өндүрүлгөн.*

**14.1. Сунуштама.**

Туунду жана биргелешкен ишканалардын ишинин жыйынтыктары боюнча алынган таза пайдадан Коомго тиешелүү үлүшүн өндүрүү иштери туруктуу негизде жүргүзүлсүн.

“Южный Деррик” жана “КНГ Гидрокарбонс” жоопкерчилиги чектелген коомдорунун мурдагы жылдар үчүн алган зыяндардын себептерине жана учурдагы финансылык абалына талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2023-2024-жылдар үчүн алган таза пайдадан “КНГ” ААКсына тийиштүү үлүшүн өндүрүү, пайда алууга мүмкүн болбогон учурда, миноритардык үлүштү кармоонун максатка ылайыктуулугу каралсын.

**Нефть жана газ өндүрүү боюнча чет өлкөлүк инвестициялык компаниялар менен биргелешкен ишмердүүлүгү боюнча**

2023-2024-жылдар мезгил аралыгында КНГ 14 чет өлкөлүк кытай компаниялары менен түзүлгөн түз келишимдер боюнча биргелешип нефть өндүрүү иштерин жүргүзгөн. Келишимдердин 13-чү 2006-2018-жылдары, бирөөсү 2022-жылы түзүлгөн.

Жогордагы келишимдер КНГнын башкармалыгынын 2018-жылдын 25-майындагы №14 протоколу менен бекитилген “КНГ менен чет өлкөлүк инвестициялык компаниялары ортосунда өндүрүлгөн продукцияны бөлүштүрүүнүн техника-экономикалык негиздемеси” боюнча (мындан ары – негиздеме) түзүлгөн.

Бектилген негиздеменин негизинде чет өлкөлүк инвесторлор тарабынан ишке киргизилген скважиналарды 20-жылга пайдаланууга берүү жана жерказыналары (ЖК) боюнча өндүрүлгөн нефтини КНГ менен чет өлкөлүк инвестициялык компанияларынын (мындан ары - ЧӨИК) ортосунда бөлүштүрүүнүн төмөндөгүдөй схемасы сунушталган:

*-жаңы бургуланган скважиналар боюнча:* КНГ – 40%, ЧӨИК – 60% (“Майли-Су IV- Чыгыш Избаскент” ЖКсынын 13-23 горизонтору боюнча 50/50; 13-18 горизонтундагы нефтинин катмары боюнча 55/45; “Чыгыш Избаскент” ЖКсынын 3-7 жана “Чигирчик” ЖКсынын 23 горизонтуна чейин 1-чи 2-жылда 20/80, 3-чү жылы 50/50, кийинки жылдары 40/60; “Сузак” ЖКсынын 19-21 горизонттору боюнча 50/50);

*-капиталдык оңдоодон өткөрүлгөн эски скважиналар боюнча:* КНГ – 35%, ЧӨИК – 65% (“Сузак” ЖКсынын 19-21 горизонттору боюнча 50/50);

*-интенсификация өткөрүлгөн эски скважиналар боюнча:* КНГ – 40%, ЧӨИК – 60%;

*-геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн жер казыналары боюнча:* КНГ – 30%, ЧӨИК – 70%.

**15. Аныкталды/жыйынтык.**

2024-жылы кытай компанияларынын пайдалануусундагы 480 скважинадан 192256,654 тонна нефти өндүрүлүп, 2023-жылга (459 скважинадан 207927,473 тонна) салыштырмалуу колдонуудагы скважиналардын саны 21-ге өскөндүгүнө карабастан, өндүрүштүн көлөмү 15670,819 тоннага же 7,5% кыскарган.

Ошол эле учурда, түзүлгөн келишимдерге ылайык, КНГга берилүүчү нефтинин көлөмү дагы кыскарган, 2024-жылы 78256,164 тонна (чет өлкөлүк инвестициялык компаниялары тарабынан жалпы өндүрүлгөн нефтинин 40,7%) алынып, 2023-жылга (84973,359 тонна же 40,9%) салыштырмалуу 6717,195 тоннага же 7,9% кыскарган.

Мында, 01.01.2024-жылга карата жалпы пайдалануудагы 787 скважиналардын 459 же 58,3%, 01.01.2025-жылга карата жалпы пайдалануудагы 844 скважиналардын 480 же 56,9% чет өлкөлүк инвестициялык компаниялардын пайдалануусунда болгондугуна жана аларга 2024-жылга карата нефть өндүрүү планы 1752,8 тоннага же 2,2% аткарылбай каралгандыгына карабастан, алар менен жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн жыйымдары боюнча өз-ара эсептешүүлөр жүргүзүлгөн эмес.

Чет өлкөлүк инвестициялык компаниялар менен нефть жер казыналарын биргелешип иштетүү боюнча түзүлгөн келишимдерде (3.2.-пункт) өздөрүнүн бюджетке, Социалдык фондго жана башка төлөмдөрүн өз алдынча жүргүзө тургандыгы көрсөтүлгөн.

КНГ тарабынан нефть өндүрүү боюнча жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн жыйымдары 2023-жылга – 2340,1 миң сомго, 2024-жылга – 2041,9 миң сомго эсептелип бюджетке төлөнгөн.

Ошондой эле, чет өлкөлүк инвестициялык компаниялардын пайдалануусундагы нефть скважиналарынын жер участкаларынан төлөнүүчү төлөмдөр (жоготулган пайда, жер салыгы жана ижара акысы) боюнча жооптуу кызматкерлер тарабынан толук малыматтар берилбегендиктен, 2023-2024-жылдардын жыйынтыктары боюнча жалпы **2 875,0 миң сомго** эсеп-фактурлары чет өлкөлүк инвестициялык компанияларына берилбей калган. Аудит учурунда, чет өлкөлүк инвестициялык компанияларына 2023-2024-жылдардын жыйынтыктары боюнча жалпы 2 875,0 миң сомго эсеп-фактуралары берилди.

**15.1. Сунуштама.**

Чет өлкөлүк инвестициялык компаниялар менен нефть жер казыналарын биргелешип иштетүү боюнча түзүлгөн келишимдердин (3.2.-пункту) шарттарына ылайык, алардын пайдалануусундагы жер участкаларынан 2023-2024-жылдары үчүн 2875,0 миң сом суммасындагы төлөмдөрдү (жоготулган пайда, жер салыгы жана ижара акысы) өндүрүү, коомдун кирешесине алуу жана жылдын жыйынтыгы менен тиешелүү дивиденд төлөмдөрүн төлөө камсыздалсын.

Лицензиялык келишим боюнча өндүрүш планынын аткарылышына ылайык эсептелген жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармап туруу үчүн жыйымдарынан, чет өлкөлүк инвестициялык компаниялардын пайдалануусундагы жер участкаларына тиешелүү бөлүгүн өндүрүп алуу иштери каралсын.

**16. Аныкталды/жыйынтык.**

Чет өлкөлүк инвестициялык компанияларга берилген скважиналардан өндүрүлгөн нефтинин көлөмүнө жана алынган продукциянын бөлүштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн талдоо айрым өндүрүмдүүлүгү жана өзүн-өзү актоо мүмкүнчүлүгү жогору скважиналардан башкаларга салыштырмалуу КНГнын пайдасына азыраак үлүш бөлүштүрүлгөндүгүн көрсөттү.

Чет өлкөлүк инвестициялык компаниялардын ичинен эң көп КНГнын скважиналарын иштеткен “Орто Азия Энергоресурстары” ЖЧКсы. 2025-жылдын 1-январына карата “Орто Азия Энергоресурстары” ЖЧКсында “Майли-Су IV” жерказынасынан 2015-жылдан баштап 3-чү горизонтко чейин жаңыдан бургуланып ишке киргизилген 197 скважина бар. 2024-жылдын декабрь айына карата 1 скважинадан суткасына орточо **1,26** тонна нефть өндүрүлүп, түзүлгөн келишим боюнча КНГга өндүрүлгөн нефтинин 40% бөлүнгөн. Ошол эле учурда, “Тен И” ЗАОсу тарабынан “Майли-Су IV” жерказынасынын III, XIV, XVIII горизontторунан 2009-2019-жылдар мезгил аралыгында жаңыдан бургуланып ишке киргизилген 4 скважинадан 2024-жылдын декабрь айына карата 1 скважинадан суткасына орточо **0,422** тонна нефть өндүрүлүп, түзүлгөн келишим боюнча КНГга өндүрүлгөн нефтинин 55% бөлүнгөн.

Ошондой эле, “Кыргыз ЖерНефтегаз” ЖЧКсы тарабынан “Чыгыш Избаскент” жерказынасынан III-V горизontторунан 2014-2018-жылдар мезгил аралыгында жаңыдан бургуланып ишке киргизилген 11 скважинадан 2024-жылдын декабрь айына карата 1 скважинадан суткасына орточо **0,73** тонна нефть өндүрүлүп, түзүлгөн келишим боюнча КНГга өндүрүлгөн нефтинин 50% бөлүнгөн.

Мында, “Майли-Су IV” жерказынасынын 3-чү горизонттунда нефтинин запасы башка горизонтторго салыштырмалуу жогору жана жаңы скважинаны бургулап ишке киргизүү чыгымы төмөнкү горизонтторго караганда азыраак экендигин белгилөөгө болот.

**16.1. Сунуштама.** Чет өлкөлүк инвестициялык компанияларга берилген скважиналардан өндүрүлгөн нефтинин көлөмүнө жана аларды ишке киргизүүгө

жумшалган чыгымдарга талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча алынган продукциядан КНГнын пайдасына үлүш бөлүштүрүү каралсын.

**Кыргыз бургулоо иштеринин жана Нефть жана газ өндүрүү башкармалыктарында аткарылган геофизикалык жумуштарды талдоо боюнча**

**17. Аныкталды.**

“Кыргызгеофизика” ААКсы тарабынан 2023-жылы салык төлөмдөрү менен бирге 118 818,6 миң сомго геофизикалык жана 1 483,5 миң сомго сейсморазведка жумуштары аткарылган, 112 654,6 миң сомго төлөм жүргүзүлгөн, 31.12.2023-жылга карата 9 793,2 миң сомго кредитордук карыз пайда болгон.

2024-жылы салык төлөмдөрү менен бирге 104 776,5 миң сомго геофизикалык жумуштары аткарылып, 114 389,2 миң сомго төлөм жүргүзүлгөн, 31.12.2024-жылга карата кредитордук карыз – 180,5 миң сомду түзгөн.

“Кыргызгеофизика” ААКсы Кыргыз Республикасында геофизикалык жумуштарды аткарган жалгыз ишкана болгондуктан, сатып алуулар конкурстарына жалгыз катышып утуучу болуп келген. Конкурска сунушталган геофизикалык жумуштардын баасы “Кыргызгеофизика” ААКсынын табыштамасы боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Энергетика илимий изилдөө институту тарабынан иштелип чыккан “Нефть жана газ скважиналарындагы геофизикалык кызматтардын нормаларын жана бааларын эсептөө боюнча методикалык көрсөтмөсү” Жетектөөчү документтин колдонуу менен аныкталган.

*Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы боюнча* нефть жана газ чыгаруу үчүн “Кыргызгеофизика” ААКсынан скважиналардын колонналарына перфорациялык атуу кызматтары (салык төлөмдөрүн кошпогондо) 2023-жылы - 24526,5 миң сомго, 2024-жылы - 17130,8 миң сомго, жалпы 41657,4 миң сомго алынган.

*Кыргыз бургулоо иштеринин башкармалыгы боюнча* “Кыргызгеофизика” ААКсынан геофизикалык изилдөөлөр (жер катмарлары боюнча нефть жана газдын запастарынын жайгашуусу) нефть жана газ чыгаруу үчүн скважиналардын колонналарына перфорациялык атуу кызматтары (салык төлөмдөрүн кошпогондо) 2023-жылы - 81785,1 миң сомго, 2024-жылы - 85085,0 миң сомго, жалпы 166 870,1 миң сомго алынган.

Мында, жер катмарлары боюнча нефть жана газдын запастарынын жайгашуусу боюнча геофизикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн корутундулар алынгандыгына карабастан, нефть жана газ чыгаруу үчүн скважиналардын колонналарына перфорациялык атуу кызматтары жасалгандан кийин нефть жана газдын өндүрүшкө жетиштүү деңгээлде чыкпай калгандыгына байланыштуу, айрым перфорациялык атуу иштери жыл ичинде бир нече жолу кайталанып жасалгандыгын белгилөөгө болот. Айрым перфорациялык атуу иштери жыл ичинде бир нече жолу кайталанып жасалгандыгына карабастан, базада жана скважиналарда даярдоо иштерине 162,5 миң сом колдонулуп (4 жана андан көп метод – 162,5 миң сом, 2-ден 4-чейин – 81,2 миң сом, 1 метод – 40,6 миң сом), жалпы жумуштун баасынын 30%дан 54,2%га чейин түзгөн.

Мындан сырткары, перфорациялык атуу иштерине колдонулган трубалардын баасы жалпы жумуштун баасына толук киргизилгендигине карабастан, иштетилген трубалар НГӨБгө жана КБИБга кайтарылып берилген эмес. Перфорациялык атуу иштерине колдонулган трубалардын жалпы суммасы 13 211,5 миң сомду, анын ичинен: НГӨБ боюнча – 6685,7 миң сомду (2023-жылга – 3814,4 миң сом, 2024-жылга – 2871,3 миң сом), КБИБ боюнча – 6525,8 миң сомду (2023-жылга – 2590,2 миң сом, 2024-жылга – 3935,6 миң сом) түзгөн.

Ошондой эле, айрым перфорациялык атуу иштери жер катмарлары боюнча нефть жана газдын запастарынын жайгашуусу боюнча геофизикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын эске албастан жасалгандыгын, бул перфорациялык атуу иштерине кошумча чыгымдарды жасоого алып келгендигин белгилөөгө болот.

КБИБ 2024-жылдын 12-августундагы Акт боюнча “Майли-Су IV” жер казынасынан жаңы бургулоодон чыккан №1106 скважинаны НГӨБга өткөрүп берген. Скважинаны пайдаланууга өткөрүп бергенге чейин КБИБ тарабынан геофизикалык изилдөөлөргө жалпы 1695,8 миң сом чыгымдалган, анын ичинен геофизикалык изилдөөлөргө 1162,9 миң сом жана 2024-жылдын 25-июлундагы №61-1к/52 актысында III пластын 1791-1797 метр аралыгынан 6 метр жерине перфорация жасоого 532,9 миң сом чыгымдалгандыгы көрсөтүлгөн.

Мында, “Кыргызгеофизика” ААКсы тарабынан геофизикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 29.07.2024-ж. №120 каты менен берилген корутундусунда нефть продуктусунун өндүрүмдүүлүгү жогору катары 1943-1937,5 метр (VIIб пласт) жана 1966-1960 метр (IX пласт) аралыктары сунушталган, 1798-1892 метр аралыгындагы III пластта палеоген катмарлары мунайга каныккан эместиги көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, НГӨБ №1106 скважинаны 2024-жылдын 12-августундагы Акт боюнча КБИБден өткөрүп алгандан кийин 24.08.2024-жылдагы №78-2Н/16 Актысында 1791-1798 метр аралыгына перфорациялык атуу иштерине 518,4 миң сом чыгымдалгандыгын көрсөткөн.

Ошондой эле, 23.08.2024-жылдагы акт боюнча 8940,0 миң сомго ГРП (гидроразрыв пласта) жасалгандыгы көрсөтүлгөн.

КБИБ 2024-жылдын 6-мартындагы Акт боюнча “Майли-Су IV” жер казынасынан жаңы бургулоодон чыккан №1135 скважинаны газ өндүрүү үчүн НГӨБга өткөрүп берген. Скважинаны пайдаланууга өткөрүп бергенге чейин КБИБ тарабынан геофизикалык изилдөөлөргө жалпы 3047,4 миң сом чыгымдалган, анын ичинен геофизикалык изилдөөлөргө – 1975,9 миң сом жана 1930-1937 жана 1949-1956 метр аралыктарын перфорациялык атуу иштерине 1071,5 миң сом чыгымдалгандыгы көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, НГӨБ №1135 скважинаны 2024-жылдын 6-мартындагы Акт боюнча КБИБден өткөрүп алгандан кийин жалпы 1380,5 миң сомго (салык төлөмдөрү жок) 4-жолу перфорациялык атуу иштери жасалган.

Ошондой эле, КБИБ тарабынан “Избаскент-Алаш” аянтынан бургуланган №5 скважинага 2023-жылы 14-жолу геофизикалык изилдөө жана перфорациялык атуу иштери жалпы 6992,1 миң сомго жүргүзүлгөн, жалпы

чалгындоо бургулоо ишине жумшалган чыгымдардын (54185,2 миң сом) 12,9% түзгөн.

**17.1. Жыйынтык.**

Жер катмарлары боюнча нефть жана газдын запастарынын жайгашуусу боюнча геофизикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн корутундулар алынгандыгына карабастан, нефть жана газ чыгаруу үчүн скважиналардын колонналарына перфорациялык атуу кызматтары жасалгандан кийин нефть жана газдын өндүрүшкө жетиштүү денгээлде чыкпай калгандыгына байланыштуу, айрым перфорациялык атуу иштери жыл ичинде бир нече жолу кайталанып жасалгандыгын белгилөөгө болот. Айрым перфорациялык атуу иштери жыл ичинде бир нече жолу кайталанып жасалгандыгына карабастан, базада жана скважиналарда даярдоо иштерине 162,5 миң сом колдонулуп (4 жана андан көп метод – 162,5 миң сом, 2-ден 4-чейин – 81,2 миң сом, 1 метод – 40,6 миң сом), жалпы жумуштун баасынын 30%дан 54,2%га чейин түзгөн.

Перфорациялык атуу иштерине колдонулган трубалардын баасы жалпы жумуштун баасына толук киргизилгендигине карабастан, иштетилген трубалар НГӨБгө жана КБИБга кайтарылып берилген эмес. Перфорациялык атуу иштерине колдонулган трубалардын жалпы суммасы 13 211,5 миң сомду, анын ичинен: НГӨБ боюнча – 6685,7 миң сомду (2023-жылга – 3814,4 миң сом, 2024-жылга – 2871,3 миң сом), КБИБ боюнча – 6525,8 миң сомду (2023-жылга – 2590,2 миң сом, 2024-жылга – 3935,6 миң сом) түзгөн.

**17.1.1. Сунуштама**.

Комплекстүү геофизикалык жумуштарды пайлануунун зарылдыгын жана колдонулган баалардын негиздүүлүгүн кароо, геофизикалык иштерди аткаруу үчүн колдонулган жана андан ары пайдаланууга жарактуу материалдарды кайтарып алуу камсыздалсын.

***Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына:***

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы “Кыргызгеофизика” ААКсы тарабынан нефть жана газ скважиналарындагы геофизикалык кызматтарга колдонулган баалардын негиздүүлүгүн кароо менен, Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик реестрине киргизүү боюнча маселени кароо сунушталат.

**Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы жана Газды сатуу участкасы боюнча нормативдик жоготуулардан сырткары нефтинин жана газдын чыгымдары боюнча**

**18. Аныкталды/жыйынтык.**

***Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы*** боюнча нефтепроводдогу металлдын коррозиясынан пайда болгон авариялык тешиктерден (нормативдик жоготуулардан сырткары) 2023-жылы 22,513 тонна 209,3 миң сомго, 2024-жылы 11,671 тонна 116,2 миң сомго, жалпы 325,5 миң сомго (өздүк наркында) чийки нефть комиссия тарабынан түзүлгөн актылардын негизинде чыгышталган.

***Газды сатуу участкасы*** боюнча газ түтүкчөлөрүндөгү (трубопроводдорундагы) металлдын коррозиясынан пайда болгон тешиктерден (нормативдик жоготуулардан сырткары) 2023-жылы 383,248 миң куб газ 1842,6 миң сомго, 2024-жылы 360,14 миң куб газ 1948,9 миң сомго, жалпы 743,388 миң куб газ 3791,5 миң сомго (өздүк наркында) комиссия тарабынан түзүлгөн актылар менен чыгышталган.

**18.1. Сунуштама.** Нефть жана газ өндүрүү башкармалыгы жана Газды сатуу участкасында нефтинин жана газдын жоготууларын нормативдик жоготуулардан сырткары болтурбоо максатында тиешелүү иштерди жүргүзсүн.

**Суу менен камсыз кылуу башкармалыгынын жана Газды сатуу участкасынын ишинин жыйынтыктары боюнча**

**19. Аныкталды/жыйынтык.**

**Газды сатуу участкасы** 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 24536,7 миң сомго, 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 19433,7 миң сомго, жалпы 43970,4 миң сомго зыян тарткан. Ишкананын газ сатуудан зыян тартуусунун негизги себептеринин бири - бекитилген тарифтердин газды өндүрүүгө жана сатууга кеткен чыгымдарын жаппай жаткандыгы.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменти тарабынан 2024-жылдын 25-июлундагы №115 буйругу менен “Кыргызнефтегаз” ААКсы тарабынан сатылган жаратылыш газына тариф 2024-жылдын 1-августунан тартып 1000 куб газга салык төлөмдөрүн эске албаганда:

- калктын пайдалануусу үчүн - 8565 сом өлчөмүндө;
- ишканалар, бюджеттик мекемелер, коммерциялык жана башка пайдалануучулар үчүн – 11212,45 сом өлчөмүндө бекитилген.

**19.1. Сунуштама.** Жаратылыш газына тарифтерди экономикалык жактан негизделген өздүк наркынан (иш жүзүндөгү же пландуу) жана керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтардын зарыл болгон деңгээлин сактоого жетиштүү болгон кирешенин белгилүү өлчөмүнөн аныктоо жана бекитүү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Суу менен камсыз кылуу башкармалыгы боюнча** (мындан ары – СКБ)

**20. Аныкталды/жыйынтык.**

2024-жылга жалпы киреșеси 17 961,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен: таза суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын калкка көрсөтүүдөн – 11629,9 миң сом (жалпы кирешеден - 64,8%), коммерциялык тармактарга жана башка мекеме ишканаларга көрсөтүүдөн – 5 360,4 миң сом (29,8%), башка кызматтарды көрсөтүүдөн – 971,1 миң сом (5,4%). 2023-жылга салыштырмалуу жалпы киреше 783,9 миң сомго же 4,6% өскөн, анын ичинен: таза суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын калкка көрсөтүү – 373,7 миң сомго (3,3%), коммерциялык тармактарга жана башка мекеме ишканаларга көрсөтүү – 89,2 миң сомго (1,7%), башка кызматтарды көрсөтүү – 100,0 миң сомго (5,4%).

2025-жылдын 1-январына карата Кочкор-Ата шаарынын калкынын саны 13015 адам, анын ичинен: 5038 абонент таза суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын алуучулар катары катталган, же жалпы калктын 38,7% түзөт.

Ал эми, 5038 абоненттин ичинен 405 абонентке суу эсептегичтери коюлган, же суу эсептегичтери менен 8 % камсыздалган.

2025-жылдын 1-январына карата 288 коммерциялык тармактар жана башка мекеме ишканалар катталган, алардын ичинен суу эсептегичтери менен 82 абонент же 28,5% камсыздалган.

01.01.2025-жылга карата таза суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтары боюнча дебитордук карыз калк боюнча – 110,0 миң сомду, коммерциялык жана башка мекеме ишканалар боюнча 330,3 миң сомду түзгөн. Мындан сырткары, 14 адамдан ичүүчү сууга жана саркынды суу чыгарууга жасалган техникалык шарттар үчүн **21,1 миң сому** өндүрүлө элек. *Аудит учурунда толук өндүрүлдү.*

**20.1. Сунуштама.** Суу менен камсыз кылуу башкармалыгында абоненттерди суу эсептегичтери менен камтуу денгээлин жогорулатуу, жоготууларды кыскартуу, таза суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу жана башка кызматтары боюнча төлөмдөрдү өз убагында өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**21. Аныкталды.**

СКБ 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 39461,6 миң сомго, 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 37094,3 миң сомго зыян тарткан.

СКБнын 2023-2024-жылдардын жыйынтыктары боюнча ири өлчөмдөгү зыян тартуусунун негизги себептеринин бири - таза суу берүү жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарына тарифтерди өздүк наркынан 2 эседан ашык төмөн бекитүүдөн түзүлгөн.

“Кыргызнефтегаз” ААКсынын башкармалыгынын 09.12.2021-жылдагы №445 буйругу менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агентигинин Жалал-Абад облустук бөлүмүнүн 30.11.2021-жылдагы №32 буйругу менен макулдашылган, Кочкор-Ата шаардык кеңешинин 07.12.2021-жылдагы №01-5/53 токтому менен бекитилген Суу менен камсыз кылуу башкармалыгынын кызмат көрсөтүү боюнча бааларынын (тарифтеринин) прейскуранты баардык абоненттер үчүн ичүүчү сууга - 13,09 сомдон, саркынды сууга - 17,34 сомдон (салыктарды эске албаганда) 2022-жылдын 1-январынан тартып ишке киргизилип, бүгүнкү күнгө чейин (аудит өткөрүү учурунда) өзгөрүүсүз колдонулууда.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 токтому менен бекитилген “Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо” Тартибинин 7-пунктунда Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер экономикалык жактан негизделген өздүк наркынан (иш жүзүндөгү же пландуу) жана керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтардын зарыл болгон деңгээлин сактоо жана негизги фонддорду модернизациялоого, реконструкциялоого жана реабилитациялоого өзүнүн каражаттарын инвестициялоо үчүн, ошондой эле суу менен камсыздоочу ишканалардын

(уюмдардын) жамааты үчүн социалдык-материалдык жеңилдиктерди берүү үчүн резерв түзүүгө эл аралык финансы институттарынан алынган кредиттер жана зайымдар боюнча карыздык милдеттенмелерди аткаруу үчүн жетиштүү болгон (мүмкүнчүлүгүнө жараша) кирешенин белгилүү өлчөмүнөн аныктала тургандыгы көрсөтүлгөн.

8-пунктта борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер төмөнкү категорияларга дифференциялана тургандыгы көрсөтүлгөн:

1) 1-категория - жеке жактар (калк);

2) 2-категория - менчигинин түрүнө жана баланстык тиешелүүлүгүнө карабастан юридикалык жактар, анын ичинде бюджеттик уюмдар, жеке ишкерлер.

9-пунктта тиешелүү категориядагы керектөөчүлөр үчүн тарифтер төмөнкүдөй принциптер боюнча белгилене тургандыгы көрсөтүлгөн:

1) 1-категориядагы керектөөчүлөр үчүн - тарифтер иш жүзүндөгү чыгымдарга жана борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчү ишкананын (уюмдун) өздүк каражаттарын негизги фонддорду модернизациялоого, реконструкциялоого жана реабилитациялоого инвестициялоо үчүн резервди түзүү үчүн каражаттарды камсыз кылуучу рентабелдүүлүк ченемине жараша, бирок Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык өткөн календардык жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлинен төмөн эмес белгиленет;

2) 2-категориядагы керектөөчүлөр үчүн - тарифтер иш жүзүндөгү чыгымдарга жана борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчү ишкананын (уюмдун) өздүк каражаттарын негизги фонддорду модернизациялоого, реконструкциялоого жана реабилитациялоого инвестициялоо үчүн резервди түзүү максатында каражаттарды камсыз кылуучу рентабелдүүлүк ченемине жараша же инвестициялык долбоорлорго ылайык зарыл болгон, бирок Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык өткөн календарлык жылдагы иш жүзүндөгү инфляциянын деңгээлинен төмөн эмес белгиленет.

10-пунктта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы төмөнкүлөрдү белгилөөгө укуктуулугу көрсөтүлгөн:

1) 1-категориядагы керектөөчүлөр үчүн жеңилдетилген тариф менен эсептик тарифтин ортосундагы айырманын орду толукталган шартта жергиликтүү бюджеттин эсебинен жеңилдетилген тарифтерди;

2) ишкердик ишти жүргүзүү үчүн борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланган 2-категориядагы керектөөчүлөр үчүн белгиленген тарифке жогорулатылган коэффициентти.

Мында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 токтому менен бекитилген “Борборлоштурулган ичүүчү

суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо" Тартибинин 7, 8, 9, 10-пункттарынын талаптарына ылайык ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер экономикалык жактан негизделген өздүк наркынан (иш жүзүндөгү же пландуу) жана керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтардын зарыл болгон деңгээлин сактоого жетиштүү болгон кирешенин белгилүү өлчөмүнөн аныкталбагандыгын, тарифтер керектөөчүлөр боюнча категорияларга бөлүштүрүлүп бекитилбегендигин, 2022-жылдан бери баардык керектөөчүлөргө бирдей өздүк наркынан 2 эседен ашык төмөн тариф колдонулуп келе жаткандыгын, Кочкор-Ата шаардык кеңешинин тариф саясатынын негизинде ишкананын тарткан зыяны шаардык бюджеттен компенсацияланбастан, толук түрдө "Кыргызнефтегаз" ААКсынын эсебинен жабылып келгендигин белгилөөгө болот.

Ошондой эле, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 27-пунктуна ылайык, калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу, калктуу конуштарда канализациянын жана тазалоочу курулмалардын тутумунун иштешин камсыз кылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маселелерге кире тургандыгын белгилөөгө болот.

**21.1. Жыйынтык.**

"Кыргызнефтегаз" ААКсында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 токтому менен бекитилген "Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо" Тартибинин 7, 8, 9, 10-пункттарынын талаптарына ылайык ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер экономикалык жактан негизделген өздүк наркынан (иш жүзүндөгү же пландуу) жана керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтардын зарыл болгон деңгээлин сактоого жетиштүү болгон кирешенин белгилүү өлчөмүнөн аныкталып, тарифтер керектөөчүлөр боюнча категорияларга бөлүштүрүлүп бекитилбестен, 2022-жылдан бери баардык керектөөчүлөргө бирдей өздүк наркынан 2 эседен ашык төмөн тариф колдонулуп келген. Кочкор-Ата шаардык кеңешинин тариф саясатынын негизинде ишкананын тарткан зыяны шаардык бюджеттен компенсацияланган эмес.

**21.1.1. Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 токтому менен бекитилген "Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо" Тартибинин 7, 8, 9, 10-пункттарынын талаптарына ылайык, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтерди:

- экономикалык жактан негизделген өздүк наркынан (иш жүзүндөгү же пландуу) жана керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтардын зарыл болгон деңгээлин сактоого жетиштүү болгон кирешенин белгилүү өлчөмүнөн аныктоо;

- керектөөчүлөр боюнча категорияларга бөлүштүрүп бекитүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы 1-категориядагы керектөөчүлөр үчүн жеңилдетилген тариф бекиткен учурда, ишкана тарткан зыяндын ордун толуктоону жергиликтүү бюджеттен талап кылуу, же зыяндын ордун толтуруу үчүн 2-категориядагы керектөөчүлөр үчүн белгиленген тарифке жогорулатылган коэффициенттерди колдонуу;

- Кочкор-Ата шаардык кеңеши тарабынан ишкананын зыянсыз иштөөсүн камсыз кылган тарифтер бекитилип берилбеген учурда, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, калкты ичүүчү суу менен камсыз кылуу, калктуу конуштарда канализациянын жана тазалоочу курулмалардын тутумун Кочкор-Ата шаарынын мэриясына өткөрүп берүү каралсын.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору М.К. Арзыбаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспектор Д.А. Арстанбеков тарабынан жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **М.К. Арзыбаев**

2023-жылдын 1-январынан тартып
2024-жылдын 31-декабрына чейинки
мезгил аралыгына карата
“Кыргызнефтегаз” ачык акционердик
коомунун ишине жүргүзүлгөн
шайкештик аудити жөнүндө
отчетуна

Тиркеме № 1

**Капиталдык салымдар боюнча Коомдун бюджетинин аткарылышы**

2024-жылы капиталдык салымдарга жалпы жонунан Коомдун бюджетинде 2 545 762,4 миң сом каралган, 2 285 867,3 миң сомго каржыланган, анын ичинен: скважиналарды эксплуатациялык жана геологиялык чалгындык бургулоо иштерине – 1 224 104,0 миң сомго (жалпы каражаттан 54%), жаңы техника, жабдыктарды сатып алууга – 562 890,6 миң сомго (25%), ГРПга – 253 310,0 миң сомго (11%), капиталдык курулуш жана капиталдык оңдоо иштерине – 212 682,6 миң сомго (9%). 2023-жылга салыштырмалуу капиталдык салымдарга чыгымдар 57 763,9 миң сомго кыскарган. КНГнын жооптуу кызматкерлери тарабынан берилген маалыматтар боюнча, 2023-2024-жылдарга Коомдун бюджетинен капиталдык салымдарга төмөндөгү багыттар боюнча чыгымдар пландаштырылып, төлөмдөр жүргүзүлгөн:

**Капиталдык чыгымдар (миң. сом)**

| Көрсөткүчтөр | Факт 2023 | План 2024 | Факт 2024 | Пландын аткарылышы | | Өсүү темпи | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Сумма | % | Сумма | % |
| Геолгиялык чалгындык жумуштар | 1 171 356,3 | 1 246 212,4 | 1 224 104,0 | (22 108,4) | 98% | 52 747,7 | 105% |
| *-эксплуатациялык бургулоо* | *1 025 510,4* | *1 096 418,1* | *1 055 841,3* | *(40 576,8)* | 96% | 30 330,9 | 103% |
| *-издөө-чалгындык бургулоо* | *145 845,9* | *149 794,3* | *168 262,7* | *18 468,4* | 112% | 22 416,8 | 115% |
| Жаңы техника, жабдыктар сатып алуу | 1 017 050,2 | 568 476,0 | 562 890,6 | (5 585,3) | 99% | (454 159,6) | 55% |
| ГРП | 193 859,6 | 270 176,0 | 253 310,0 | (16 866,0) | 94% | 59 450,4 | 131% |
| Кап.курулуш | 127 375,5 | 364 560,6 | 166 871,7 | (197 688,9) | 46% | 39 496,2 | 131% |
| Имараттардын капиталдык курулушу | 27 849,2 | 49 020,0 | 45 810,9 | (3 209,1) | 93% | 17 961,7 | 164% |
| Долбоорлук-сметалык документация | 13 385,0 | 18 640,0 | 18 877,3 | 237,3 | 101% | 5 492,3 | 141% |
| Рекультивациялык чегерүүлөр | 12 739,4 | 11 360,5 | 14 002,8 | 2 642,3 | 123% | 1 263,4 | 110% |
| Карьерде жардыруу жумуштарына төлөм | 575,0 | 2 000,0 | - | (2 000,0) | 0% | (575,0) | 0% |
| Техниклаык долбоор түзүүгө төлөм (ГБ) | 1 299,4 | 9 000,0 | - | (9 000,0) | 0% | (1 299,4) | 0% |
| Междуренченск №1 П скв. кернин изилдөөгө төлөм | - | 5 517,0 | - | (5 517,0) | 0% | - | - |
| Инфодокс системасын интеграциялоо | - | 800,0 | - | (800,0) | 0% | - | - |
| Имарттар,курулмалар сатып алуу | 24 500,0 | - | - | - | - | (24 500,0) | 0% |
| Бургулоо жумуштарын инженердик коштоо | 3 757,8 | - | - | - | - | (3 757,8) | 0% |
| Тех.долбоорлорду түзүүгө төлөм | 1 299,4 | - | - | - | - | (1 299,4) | 0% |
| **Бардыгы** | **2 343 631,2** | **2 545 762,4** | **2 285 867,3** | **(259 895,1)** | **90%** | **(57 763,9)** | **98%** |

Тиркеме № 2

**КПК" ЖАКсынын нефтини кайра иштетүүчү заводун реконструкциялоого жана модернизациялоо долбоору боюнча**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 26-январындагы №26-т тескемеси менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен "SPEC ENGINEERING INC" компаниясынын, "Кыргызнефтегаз" ААКсы менен "Кыргыз Петролеум Компани" ЖАКсынын ортосундагы КПКнын нефтини кайра иштетүүчү заводун реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча инвестициялык долбоорун ишке ашыруу жөнүндө инвестициялык макулдашуунун долбоору жактырылган.

Инвестициянын жалпы суммасы 409 923 871 АКШ долларын түзөт, анын ичинен:

- чет өлкөлүк инвестор ("SPEC ENGINEERING INC" компаниясы) тарабынан 200 000 000 АКШ доллары;

- ата-мекендик инвестор тарабынан 209 923 871 АКШ доллары (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги - 109 923 871 АКШ доллары, "КНГ" ААКсы – 100 000 000 АКШ доллары) бериле тургандыгы көрсөтүлгөн.

Жогорудагы инвестициялык салымдарды КПКнын эсебинен кайтарылуусу каралган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги №147-т тескемесине ылайык Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен "КНГ" ААКсы жана "КНГ" ААКсы менен "КПК" ЖАКсынын ортосунда түзүлгөн кредиттик келишимдер боюнча (03.06.2024-ж. жана 24.06.2024-ж.) 109 923 871 АКШ доллары суммасындагы бюджеттик кредит жылдык 1 пайыз ставка менен 8-жылдык мөөнөткө, кредиттин негизги суммасын жана эсептелген пайыздарды кредит берилген күндөн тартып 4-жылдан кийин төлөп баштоо шарттары менен берилген.

2024-жылдын 18-мартындагы "КПК" ЖАКсы менен түзүлгөн №166 заем келишими боюнча "КНГ" ААКсы 100 000 000 АКШ долларын пайыздык төлөмү жок, модернизацияланган завод ишке киргенден 4-жылдан кийин, 30.04.2034-жылдан кечиктирбестен кайтаруу шарты менен берген.

01.01.2025-жылга карата "КПК" ЖАКсы нефтини кайра иштетүүчү заводун реконструкциялоого жана модернизациялоого Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 1 829 956,0 миң сомго, "КНГ" ААКсы тарабынан – 904 269,0 миң сомго, жалпы – 2 734 225,0 миң сомго каржыланган.

01.01.2025-жылга карата Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан берилген 1 829 956,0 миң сомго бюджеттик кредитке жылдык 1 пайыз ставка менен пайыздык төлөм 4 722,0 миң сом суммасында эсептелип, бюджеттик кредит боюнча карыздын суммасы 1 834 678,0 миң сомду, жалпы кредит жана займ боюнча карыз "Берилген займ, кредиттер" 2820 баланс эсебинде – 2 738 947,0 миң сомду түзгөн.

КПКнын нефтини кайра иштетүүчү заводун реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча инвестициялык долбоорун ишке ашыруу мөөнөтү 3,5 жылды түзөт, анын жыйынтыгы боюнча иштетилген чийки нефтиден: суюлтулган газ – 9%, бензин АИ-92 (К5) – 43,4%, дизель майы (К5) – 35,6%, мазут – 5%, сера - 0,14%, технологиялык жоготууга – 6,86% чыгаруу каралган.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 219,2 миң тонна чийки нефтини кайра иштетүүдөн бензин жана нафта – 18,8 миң тонна (8,6%), дизель майы – 77,7 миң тонна (35,4%), мазут – 121,2 миң тонна (55,3%) алынып, технологиялык жоготуу – 1,4 миң тонны (0,6%) түзгөн.